Ош жаңырыгы
Коомдук-саясый газета
Газета 1938-жылдын 14-октябрында негизделген: «КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ», «ЛЕНИН ЖОЛУ» E-mail: oshjan@mail.ru
№ 12 (16481) Ишемби, 28-март, 2015-жыл

*Долбоордун кадамдары*

# СУУ КАНАЛДАРЫ ТАЗАЛАНДЫ

Евробиримдик колдоо көрсөткөн "Жакырчылыкты жоюу боюнча жергиликтүү жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү" долбоору Ош областынын Араван, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат райондорунун айыл аймактарында ишке ашырылууда.

Аты аталып жаткан долбоор өткөн жылдын март айынан башталган. Бул мезгил аралыгында эле жол менен фермердик каналдарды тазалоо Ноокат районунун Зулпуев атындагы айыл өкмөтүндөгү "Жийде-Арык" СПАсында жүргүзүлөт. Ал эми азыркы учурда фермердик каналдарды бетондоо иштери Араван районундагы Чек-Абад, Ноокат районундагы Зулпуев атындагы айыл өкмөттөрүндө аткарылып жатат. СПАдагы каналдарды бетондоо иштери Өзгөн районундагы Куршаб, Кара-Суу районундагы Жоош, Ак-Таш айыл өкмөттөрүндө улантылат.



долбоор менен иштей турган тараптар аныкталып, фермердик топтор түзүлдү жана иштин мазмуну, көлөмү өз ара макулдашылды. Ага ылайык, Ош облосттык Айылдык Кеңеш Кызматы коомдук фонду Араван, Ноокат, Өзгөн жана Кара-Суу райондорунда долбоорду ишке ашырууда.

Бул долбоордун алкагында, азыркы учурда Өзгөн районуна караштуу Куршаб айыл өкмөтүнүн "Куршаб-Арзыбек" СПАдагы фермерлерге тиешелүү 500 метр канал, Кара-Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүнүн "Султан-Наз" СПАдагы 500 метр канал механизациялык жол менен тазалоого жетишилди. Ушундай

«Мында максат-талаачылыктагы сугат иштери башталганга чейин 1200 метр СПАлардагы фермердик каналдарды механизациялык жол менен тазалап, 400 метр каналдарды бетондоо жана 16 жерде суу бөлүштүргүчтөрдү куруу, 16 жерге суу өлчөгүчтөрдү куруу», - дейт Ош облосттык Айылдык Кеңеш Кызматы коомдук фондунун регионалдык менеджери С. Токтосунов. Бул маселелер, айыл чарбасынын бүгүнкү күнүнүн эң башкы маселелеринин бири.

**А.МАТИЕВА.**